КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
Б.ОСМОНОВ АТЫНДАГЫ ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
Мамлекеттик тил жана социалдык иш боюнча проректорунун алдындагы жыйынын

ПРОТОКОЛУ

7-февраль 2022-жыл **№ 10** Жалал-Абад ш.

Төрайым: А.Д.Доранава
Катчысы: Базарбек кызы У.
Чакырылгандар: 10
Катышкандар: 8

КҮН ТАРТИБИ:
1. 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата жана "ЖАМУнун мырзасы - 2022" сынагын өткөрүү боюнча
2. Университеттин иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү багытында тармактарда семинар уютуруп өткөрүү боюнча
3. Ар түрдүү маселелер
   - Турак жайларды камсыздандыруу
   - КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өтүү

УГУЛДУ:

Университеттин МТСИ боюнча проректору А.Д.Доранова – 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата жана өткөрүү боюнча МЭБ, ЖК "Ден соолук" спорттук бобору кандай иштердин аткарылуусу күтүлүүдө? Иш программалары, иш пландары, сценарийлер даярдалдыбы?

ЧЫГЫП СҮЙЛӨШТҮ:

Маданий-эстетикалык борбордун жетекчиси Н.Г.Шамуратов - жаштар комитети менен биргеликте 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата жана Ооган согушунун ардагерлерине арналган концерттик программанын сценарийин жаздык, номерлерди тандоо жана репетициялар ушул жумадан башталат.

Жаштар комитетинин төрагасы А.А.Усенов - 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата "ЖАМУнун мырзасы - 2022" сынагын уюштуруп өткөүү МЭБдин да ЖКнын да жылдык иш планына киргендиктен азыр иш-чаранын жобосу, программасы, сценарийи жазылып бүтүп бекитилди. Ушул жумадан репетициялар башталат. Сынак өткөрүү күнү 2022-жылдын15-февралына пландалып жатат. Ал эми ушул жылдын 2022-февралы ЖК тарабынан интеллектуалдык оюндун уюштурулуп өтүлүшү күтүлүүдө.

"Ден соолук" спорттук боборунун жетекчиси Н.Абдурахманов – 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата студенттер арасында спорттун шахмат, воллейбол, стол тенниси, баскетбол, самбо, күрөш түрлөрү боюнча спорттук мелдеш өткөрөбүз. Жоболорун даярдап жатабыз.

ТОКТОМ КЫЛАТ:
1.1. 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата жана "ЖАМУнун мырзасы - 2022" сынагын өткөрүү боюнча иштер күчөтүлсүн жана жоопкерчилик МЭБдин адистерине, ЖКнын төрагасына жүктөлсүн.
1.2. 23-февраль Ата-Мекенди коргоочулар күнүнө карата спорттук мелдештердин иштери күчөтулсүн, жоопкерчилик Н.Абдрахмановго жүктөлсүн.

УГУЛДУ:

(2 – маселе боюнча МТБнын башкы адиси К.Калчекеев 2 саат кечигип келгендиктен жекече маалымдалды (сабагы болгондуктан).

Университеттин МТСИ боюнча проректору А.Д.Доранова – Университеттин иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү багытында, Кыргыз Республикасында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн типтүү нускамасынын университетке тиешелүү пункттарына таянып, университеттин тармактарынын тиешелүү иш кагаздарынын тиркемелерин тиркеп колдонмо даярдап, тармактарда семинар уютуруп өткөрүү иш-чаралардын акыбалы кандай? Бул иш-чараны өткөрүү административдик кеңеште да каралып тапшырма берилген. Негизи МТБнын иш кагаздары ирээттелбеди, папкаларыңыздарда тиешелүү документтер жокко эсе. (3.1, 3.2, 3.3., 3.4. жана МТБ папкаларын көрсөттү).

ЧЫГЫП СҮЙЛӨШТҮ:

Мамлекеттик тил бөлүмүнүн башкы адиси К.Б.Калчекеев – Кыргыз Республикасында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн типтүү нускамасынын университетке тиешелүү пункттарына таянып, университеттин тармактарынын тиешелүү иш кагаздарынын тиркемелерин тиркеп колдонмо даярдоодо мен бөлүмдөрдөн иш кагаздарын жыйнадым. Азыр МТБнын адиси У.Базарбек кызы терип жатат. Бүтсө эле семинарды баштайбыз.

А.Доранова - Бул иш-чараны өткөрүү административдик кеңеште да каралып тапшырма берилген. Эки жума убакыт өттү айтылгандан бери.? Мындай темпте качан бүтөсүздөр. Ыкчам иштеш керек го дейм.

К.Б.Калчекеев – бутуп жатпайбы, эмнеге эле менин артымдан бригадирге окшоп түшуп алдың?!

А.Доранова – Кубанычбек Бекболотович бул иштин талабы. Сиздин кызматтык милдетиңизге кирет ушул иштердин барысы. Негизи МТБнын иш кагаздары ирээттелбеди, папкаларыңыздарда тиешелүү документтер жокко эсе. (3.1, 3.2, 3.3., 3.4. жана МТБ папкаларын көрсөттү). Кыргыз Республикасында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн типтүү нускамасынын тиркемелерин компьютерде кол менен бирден терип чыктык, басмаканадан чыгарган күну гана болдуңуз ушул жерде. Милдеттериңизди аткаршыңыз керекби өзү? Ал эми сиз болсо ар дайым ушундай темп менен иштейсиз. Ар дайым айтышып, тоготпой түркүн сөздөрдү сүйлөп кетип каласыз. Жашаңызды сыйлап келемин. Иш пландарыңызды, отчетторуңузду жазып ырастап берип жүрдүм, кол коюучу жерге кана кол коюп койчусуз. мындай темпте иштөөгө болбойт, тезиреек иштеш керек. Бейшемби күнгө (10.02.2022-ж.) чейин мөөнөт берели бүтүңүздөр. Семинарды уюштуруңуздар.

К.Б.Калчекеев – сен ал кылгандарыңды милдет кылба. Мен да иштеп келгенмин көп жерде. Менин артымдан сайылып түшуп алдың. Иш болуп жатат. Болот ушундай эле. Билгениңди кылып ал.... (МТБнын адиси У.Базарбек кызына, эмнеге тезиреек бүтүрбөйсүң, тиешелүү кагаздарды сен деле папкаларга салып кой да, кечке Доранованын иштерин кылып олтурасын – деп кыйкырды)

А.Доранова – бүтпөсөңүз түшүнүк кат жазыңыз

К.Б.Калчекеев – эч кандай түшүнүк кат жазбаймын...

А.Доранова – түшүнук кат жазбасаңыз АКТ түзүүгө туура келет, АКТ түзөбүз...

К.Б.Калчекеев – түзмөктөн түз, 100 АКТы түз...

(деп кыйкырып кабинеттен чыгып кетти).

ТОКТОМ КЫЛАТ:

2.1. Университеттин иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүү багытында Кыргыз Республикасында иш кагаздарын мамлекеттик тилде жүргүзүүнүн типтүү нускамасынын университетке тиешелүү пункттарына таянып, университеттин

тармактарынын тиешелүү иш кагаздарынын тиркемелерин тиркеп колдонмо даярдап, тармактарда семинар уютуруп өткөрүлсүн.

2.2. Колдонмо китепчени даярдоо жана семинарды уюштуруп өткөрүү МТБнын башкы адиси К.Калчекеевге жүктөлсүн.

2.3. Колдонмо китепчени даярдоо жана семинарды уюштуруу иштерин 2022-жылдын 10-февралына бүтүрүлсүн.

УГУЛДУ:

Университеттин МТСИ боюнча проректору А.Д.Доранова – Ар түрдүү маселелер боюнча эки маселе бар, алар:

- Турак жайларды камсыздандыруу
- КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өтүү.

Бардык бөлүмдөр ушул иштерди колго алыңыздар, аткарыңыздар. Ал эми МП врачы жана медайымы обулусттук КОВИД-19 илдетинин алдын алуу боюнча ыкчам штабдын жыйынынын протоколдук тапшырмасына ылайык университеттин ПОК жана кызматкерлеринин, студенттеринин арасында түшүндүрүү иштерин жана өткөрүү иштерин, КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өткөрүү компаниясын уюштуруңуздар. Тез арада факультеттердин жана коледждердин жетекчилери, бөлүмдөрдүн башчылары менен байланышыңыздар, (№2 тескеменин ишке ашуусун көзөмөлдөгүлө).

ЧЫГЫП СҮЙЛӨШТҮ:

МП врачы Н.Ибраимова – макул, обулусттук КОВИД-19 илдетинин алдын алуу боюнча ыкчам штабдын жыйынынын протоколунун 4-пунктун аткаруубуз керек., аткарабыз.

Н.Г.Шамуратов, Ы.Шаимкулов, Н.Абдурахманов, Т.Абдрахманов, У.Базарбек к. - турак жайларды камсыздандыруу жана КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өтүү иштерин аткара тургандарын билдиришти.

ТОКТОМ КЫЛАТ:

3.1 Турак жайларды камсыздандыруу жана КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өтүү иштерин аткаруу колго алынсын, университеттин ПОК жана кызматкерлеринин, студенттеринин арасында түшүндүрүү иштерин жана өткөрүү иштери, КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өткөрүү компаниясын уюштуруу МП жүктөлсүн.

3.2 КОВИД-19 илдетине каршы 3-эмдөөдөн өткөрүү боюнча мониторингдин жыйынтыгы боюнча маалыматты күнүгө саат 10:00 дөн кечикпей облусттук жана шаардык штабка, ББИМдин тиешелүү бөлүмүнө маалымдап туруу Н.Ибраимовага жүктөлсүн.

МТСИ проректор: Доранова А.Д.

Катчы: Базарбек к.У.